ОКТ

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

МУСА ЖАЛИЛ

# Моабит дептери

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

МУСА ЖАЛИЛ

# Моабит дептери

*Которгон Түмөнбай Байзаков*

**Экинчи басылышы**

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1979

84 Тат 7
Ж 24

Тестиер жана өспүрүм балдар үчүн

**Жалил М.**

Ж 24 Моабит дептери: Ырлар. Тестиер жана өспүрүм балдар үчүн. / Которгон Т. Байзаков. — 2-басылышы. — Ф.: Мектеп, 1979. — 64 бет. — (Окуучунун китеп текчесине).

Бул жыйнакка Советтер Союзунун Баатыры, Лениндик сыйлыктын лауреаты Муса Жалилдин «Моабит дептеринин» мектеп программасында көрсөтүлгөн ырлары киргизилди.

С (Тат) 2
ББК 84 Тат 7

Ж $\frac{70803-173}{М 452 (17)-79}$ Без объявл. 79. 4803010200.

## ЫРЛАРЫМ

Жүрөгүмдү жарып чыгып, ырларым,
Эл ичинде гүлдө жайып канатың.
Канча болсо күчүң-отуң, ошончо
Жер бетинде жашоо үчүн бар акың!

Сенде менин сезимимдин бардыгы,
Сенде менин мөлтүр тунук жаштыгым.
Өлүп кетсең — мен да кошо өлөмүн,
Сен жашасаң— менин жашап жатканым.

Элим менен жүрөгүмдүн буйругун,
Жалындатып ырларыма бергенмин.
Ырым менен досторумду кубантып,
Ырым менен душмандарды жеңгенмин.

Балит турмуш, ыракатка күнүмдүк
Алданбаймын ар-намысым уттуруп.
Ырымдагы чындык, жалын, махаббат —
Өмүрүмдүн бүт сыймыгы туптунук.

Өлсөм дагы жүрөк кылбас кыянат
Ырымдагы кирсиз ыйык антына.
Ырларымды элиме бүт арнадым,
Өмүрдү да берем сүйгөн калкыма.

Ырдадым мен даңктуу согуш майданын,
Ырдадым мен өмүр жазын чачкан нур.
Өз башымды балтасына желдеттин
Туткан кезде жазылмакчы акыркы ыр.

Ыр үйрөттү мени эркин жашоого,
Өлүүгө да баатырларча октолуп.
Өмүрүм да турушунча ыр эле,
Өлүмүм да жер жаңыртар ыр болуп.

*26-июнь, 1943-ж.*

## КЕЧИР, ЭЛИМ!

Кечир, элим, келген элем согушка
Сенин улуу ысмың менен мактанып.
Шарт үзүлүп эң акыркы дем алуу,
Ажал жетип көмүлбөдүм даңкталып.

Жок, мен сени кымындай тозондун
Узун өмүр жашайын деп сатпадым.
Волхов күбө: ыйык антын согуштун
Соңку чекке чейин кирсиз сактадым.

Мен коркподум жамгырга окшоп төбөдөн
Төксө дагы снаряд, ок канчалык.
Чочубадым аккан канга, өлүккө
Турса дагы бүт айланам курчалып.

Алдан, арттан, ондон, солдон бүт жолум
Кесилсе да салганым жок башымды.
Акса да кан көөдөнүмдөн жаралуу,
Алым кетип, төккөнүм жок жашымды.

Куткарбоочу шум ажалдын элеси,
Алдымдагы куу сөөктөн көрүндү.
Келчи, өлүм, келчи мага тезирээк,
Кул болууга бербей калган өмүрдү!

Мен эмеспи доско, жарга жазган кат:
«Кайгырба,— деп,— өмүрдөшүм-жолдошум.
Соңку тамчы каным тамса мейличи,
Бирок менин антым киргил болбосун!»

Кан майданда ыр отунан ант берген
Мен эмеспи, айткылачы, ким билет?
«Өлүмгө деп, көктүү карай жекире,
Жылмаярмын дем тартарда соңку ирет.

Көз жумарда махаббатың өзүңдүн
Жеңилдетер суук өлүм азабын.
Элди, сени сүйгөнүмдүн чеги жок
Каным менен жер бетине жазамын.

Бейпил болор менин уйкум, өмүрдү
Берсем сактап өз элимдин жыргалын!»

Ишен, элим, дал ушул ант сугарды
Жүрөгүмдүн эң акыркы ыргагын.

Жазмыш кулуп, өлүм мага жолобой,
Сыртын салып өтүп кетти кыялап.
Кантем, кантем, минутада акыркы
Пистолетим мага кылды кыянат!..

Чаян дагы өзүн чагып өлтүрөт,
Бүркүт урат өзүн бийик аскага.
Мен да ушундай бүркүт элем, жалганбы,
Баш ийбеген, багынбаган башкага!

Ишен, элим, мен да ошол бүркүттөй
Эң акыркы минутада өзүмдү
Даяр элем канат жайып түпкүргө
Таштоо үчүн ирмебестен көзүмдү.

Кандай кылам? пистолетим — курдашым
Керек кезде соңку сөздөн баш тартты.
Колдоруңа кишен салып душмандар
Зордук деген, кордук деген жүктү артты.

Ушул азыр туткундамын... ар күнү
Күн чыгышын кирпик какпай күзөтөм.
Ырга айланып чыгат өчтүн жалыны
Жараланган шумкардагы жүрөктөн.

Күн чыкканда достор колго кармаган
Туудай болуп кызыл нурлар көрктөнөт.
Билбейсиңер, достор, туткун көңүлү
Көөдөндөгү жарааты эмес, ар күнү
Кандуу өчтөн мына ушунтип өрттөнөт!

Жалгыз үмүт: караңгы август түнүндө
Ажыратар мени колдон алып бат
Туткундуктан турган дайым жогору
Өчүм жана элге деген махаббат.

Үмүт ушул сабыңарда, досторум,
Табар бир күн күрөш күткөн тилегин.
Жараланган, бирок оор кулдукка
Баш ийбеген менин кирсиз жүрөгүм.

*Июль, 1942-ж.*

## ЭРК

Канетип кайда койсом да башым,
Кетирет кайгы эт жүрөк шайын.
Кечирээк жатып, турсам да эрте,
Бир нерсем жетпей тургансыйт дайым.

Кол, бутум бүтүн, бүтүнүн сезем,
Сын-сыпат жактан кем дебейт эч ким.
Бүтүндөй нерсем жетүүн жетет,
Эркиндик жетпейт, жетишпейт эрким.

Каалаган кезде жүрө албайм эркин,
Кол, буттун жогу мына ушул дегин.
Пайдасы кайсы, болбосо эрким,
Барымдын менин, жогумдун менин.

Ата-энем жокто элимде мени,
Айткыла, кимдер жетимсиң деди?
Жоготтум душман колуна түшүп
Энемден жакын бир вуган элди.

Кул болдум мында мекенсиз-эрксиз,
Эрким жок, эл жок, өксүдүм дакта[1].
Ата-энем мында болсо да тирүү
Болмокчу ордум улага жакта.

Болмокчу элем ар дайым жетим,
Таланган итке теңелмек кейпим.
Азаттык кезим, алтындай эрким
Кай жакка учтуң куш болуп жапан?
Учпады неге акыркы демим
Ошондо эле кошулуп саган?

Байкадым бекен эрктүүлүк баркын
Турганда, достор, эркиндик доор?
Билдим мен эми эркиндик даамын,
Тартканда кулдук жабырын оор!

Кубантса тагдыр көңүлдү чөккөн,
Көрүшсөм эркин сырдашым менен —

---

[1] **Дак** — куйүттө, жапа чегүү деген мааниде.

Сарп кылар элем өмүрдү калган
Күрөшкө ыйык эркиндик деген.

*Июль, 1942-ж.*

## ТОКОЙ

Күн да баткан, мен санаага чөмүлөм,
Чыга албастан оор кайгы көлүнөн,
Эшик бойлоп карап турам кыймылсыз,
Коңшулаш токой өтүп көзүмөн.

Балким, анда партизандар чогулуп
Алоолонтуп от жаккандыр кечинде.
Чалгын чалган жигиттери «Бабайдын»
Кайткан чыгар болуп душман ичинде.

Балким, түнөп партизан «Т» жаңыдан
Жаткан чыгар түзүп укмуш планын,
Анын шандуу кайраганын кылычын
Түндү жарып так уккансыйт кулагым.

Токой, токой, мени бөлүп өзүңдөн
Эзет, жанчат чырмап алган темир тор.
Кулдук кылбас тунук көңүл сен менен,
Бөлүнсө да дене кургур болуп кор.

Учат кыял, токой, сени аралап
Жоктоп, издеп ар бир сокмок жолуңду.
Эртели-кеч кел бери деп чакырган
Үнүңдү угам бузуп кирген торумду.

Токой, токой, оор мага чени жок,
Ушул кордук туткундукта тепселген!
Элдеш, жердеш досторумду айрылган
Кайсы жерге далдаладың, айтчы сен?

Токой, токой, жеткир мени ал жерге,
Курал берчи, курал берчи колума.
Актап туруп кирсиз антын жүрөктүн,
Өлөр элем түшүп согуш чогуна.

*Июль, 1942-ж.*

## ҚЫЗЫЛ РОМАШҚА

Ромашкалар ойгонду
Таң нуруна бөлөнүп.
Ал сурашат күлүңдөп,
Бир-бирине жөлөнүп.

Ак гүлдөрүн терметип,
Эркелетет желаргы.
Таң да алардын үстүнө
Септи аңкытып жыпарды.

Гүлдөр болсо назданып,
Ыргалышты жай гана.
Жаңылыкты ажайып
Карашты алар таңдана.

Ромашканын бир кызы
Отурат четте, муңайган.
Ак эмес анын гүлдөрү,
Төгүлгөн окшойт кызыл кан.

Ромашканын баары ак,
Айра албайсың эч бирин.
Кантип анан бир өзү
Кызартты экен ак гүлүн?

Сураштан андан: «Сиңдике,
Өзгөрүлдүң кантип сен?
Неге кызыл гүлдөрүң?
Айтчы, оор дебесең?»

Айтты кызыл ромашка:
«Түндө мага жанашып
Жатты баатыр бир жоокер,
Душмандарга ок атып.

Жалгыз өзү душмандын
Он бешинен качкан жок.
Жараланды таң ата
Бир колуна тийип ок.

Аккан каны баатырдын
Тамды менин гүлүмө.

Окшойт кызыл көйнөгүм
Чолпон жылдыз түрүнө.

Жигит кетти, мен калдым
Канын сактап гүлүмө.
Ал жигитти сагынып,
Таңды күтөм күнүгө».

*Июль, 1942-ж.*

## БУЛБУЛ МЕНЕН БУЛАК

*(Баллада)*

Таң атып, күн нуру
Өпкөндө чөлдөрдү,
Булакты, токойду,
Көк мөлтүр көлдөрдү.

Булбул куш ойгонуп,
Канатын таранат.
Токойго тынч турган
Суктанып каранат.

Ал жакын сырдашы —
Булакты сагынат.
Таң кушу келсе деп,
Булак да зарыгат.

Сүйүүсү таптаза
Бул эки ашыктын.
Жалындайт кош жүрөк,
Отуна жаштыктын.

Байлады буларды
Сүйүүнүн жиптери,
Азайбай, күчөдү
Сүйүүнүн күчтөрү.

Ар күнү булбул куш
Булакта жуунат.
Ага бул чеги жок
Бакыттай туюлат.

* * *

Сергитет таң кушун
Берметтей тамчылар.
Ушундай таалайга
Көз артпай ким чыдар?

Таңдардын биринде
Булбул куш ойгонду.
Канатын таранып,
Ордунан козголду.

Ал келди сырдашы —
Булакка...
Бүт мунун:
Кайгылуу муң баскан
Гүл өскөн бойлорун.

Оргубайт ал булак,
Түнөрөт, ачылбайт.
Берметтей тамчылар
Боз ташка чачылбайт.

Туптунук булакка
Боёкту төккөндөй,
Кир тарткан иреңи,
Ындыны өчкөндөй.

Таң калып сурады
Булбул куш досунан.
Айтты ага сырдашы
Деп: «Кечээ ушундан

Өттү эл душманы
Жашынып жар бойлоп.
Суума уу салды
Арамдык ой ойлоп.

Кан ичер көркоону
Кармайм деп камалап,
Элимдин сакчысы
Келет го кубалап.

Жоо билет баатырдын
Өзөнду кечерин,
Ал чанкап кашкайган
Суумду ичерин.

Мурт кетер эр жигит,
Ууланган сууну ичип.
А душман кутулар
Жойлогон жер шимшип.

Кантебиз, сырдашым?
Айтчы, тез акылың?
Канткенде сактайбыз
Элимдин баатырын?»

Ойлонуп турду да
Булбул куш бир азга,
Булакка жылмая
Сүйлөдү жай гана:

«Ал келсе ичем деп
Кайгырба, көз нурум!
Өлүмдөн баатырды
Куткарат булбулуң!»

Мылтыкчан, кылыччан
Эр келди — эл уулу.
Анты бар жүрөктө,
Болоттой курчтугу.

Сүйөт ал өз элин,
Жалындайт жүрөгү.
Душманды жок кылуу —
Каалаган тилеги...

Чарчаган, чаалыккан
Жол жүрүп эң катуу.
Ах, эгер болсочу
Бир гана тамчы суу!

Булакты ал көрүп,
Атынан түштү ыргып.
Суусунун кандыра
Алууга суу жутуп.

Ичүүгө умтулуп,
Булакка бет алды.
Ошондо булбул куш
Кубултуп үн салды.

Сайрады ал конуп,
Жигиттин жанына.
Айткансыйт бир сөздү
Уксун деп зарыла.

Ал сайрайт баяндап,
Махаббат отторун.
Чын сүйгөн жүрөктүн
Толкундап сокконун.

Ал мактайт күрөштү
Таалайга жеткирген.
Даңк менен жашарын
Күрөштө жан берген.

Ал мактайт досуна
Берилген көңүлдү.
Ал сүйлөйт сүйүүнүн
Жеңгенин өлүмдү.

Ал айтат чын достук,
Акыйкат сырын да.
Кандай күч бул куштун
Жалындуу ырында.

А жигит түшүнбөйт
Булбул куш сайраса,
Айтарын досунун
Жүрөгү туйса да.

Айткансыйт назик ыр
Күүлөрүн көңүлдүн.
Эр сезбейт жанында
Турганын өлүмдүн.

Ичейин деп жигит
Көөдөнүн иерде,

Кургаган эрини
Булакка тиерде

Булбул куш жигиттин
Оозуна урулат.
Бир тамчы суу ичип,
Булакка жыгылат.

Сүйүүнүн койнунда
Талпынат соңку ирет.
Ушинтип шайыр куш
Эрлерче жан берет.

Былк этпейт таш гана
Өрттөнгөн капкара.
А булак шарпылдап.
Урунат жарларга.

Жаш жигит булакта
Турду да аз гана,
Бул сырдуу укмушка
Карады таңдана.

Ичпестен булактан
Эр жигит аттанды.
Жолборстой качырып,
Душманга бет алды.

Жаш баатыр ойлонот
Сүйүүнүн күчтөрүн,
Күн санап бул сүйүү
Өчпөстөн, өскөнүн.

Элинин, атанын
Уулу — ал эр жеткен.
Өстүргөн Мекенин
Чын сүйөт жүрөктөн.

Жалындуу бул жигит
Эл коргойт күнү-түн.
Мүмкүн ал булбулдай
Жан кыяр эл үчүн.

*Июль, 1942-ж.*

## САВА ЧЫМЧЫК

Тикенектүү зымдар менен курчалган
Өлбөс оокат өтүп жаткан биздин журт.
Күнү бою илкий-илкий бул жерде
Кыбырайбыз жыйылгансып кыкчы курт.

Темир тордун ар жагынан күн чыгат,
Талаа-түзгө жарык нурлар куюлат.
Анда тийген күндүн нуру биз жакка,
Эмнегедир, тийбегенсип туюлат.

Алыс эмес токой, талаа...
Кимдиндир
Угулгансыйт чөп чапканы кайдагы.
Кечээ күнү ошол жактан бир чымчык
Учуп келип зымга конуп сайрады.

Чакырсам да, сава чымчык,
Бул жерде
Өзүң каалап кирбес элең ырымга.
Кире көрбө, өзүң көрдүң, азапта
Кан-жаш жутуп жатабыз го, чынында.

Сайра, сава, каргыш тийген мына, бул
Тор кырчоонун сырт жагынан болсо да.
Чындыгында, зор кубаныч биз үчүн
Ырыңды угуп өксүк көңүл толсо да.

Учуп, мүмкүн, биздин элге барарсың,
Канатың бар, өзүң эркин күндөсүң.
Айтчы ачык,
Азыр менин жаныма
Эң акыркы келүүң болуп жүрбөсүн?

Соңку жолу келсең, сава,
Угуп ал.
Соңку сөзүн жүрөктөгү датымдын:
Уч, элге жет кектүү жана сүйүктүү
Ыры болуп туткундагы акындын.

Канатыңдан ок сыяктуу тез учкан,
Ырларыңдан таңдай жарык нур чачкан

Таанып сени элим айтар:
«Ушул,— деп,
Соңку ыры ажал менен кармашкан.

Тикенектүү зымдар менен чырмашып
Байлашса да колу-бутун акындын,
Күч табылбас байлай турган дүйнөдө
Учкул ырын, жүрөк отун акындын».

Уч сен, чымчык, ырым болуп кайраттуу,
Ушул сага соңку айтар тилегим.
Денем калса, калсын мында.
(Ал эмне?)
Элге барсын менин кирсиз жүрөгүм!

*Август. 1942-ж.*

## АЧЫНУУ САПТАРЫ

Акырындап алып тынар шум ажал,
Же ач калып, же бит талап, же үшүп.
Өлөрмүн мен, өлгөн сыяк карт кемпир
Оту өчкөн меш үстүндө бүрүшүп.

Ойлогонмун ок астында мөндүрдөй
Өлөмүн деп баатырларча кармашып.
Жок, антпедим! Сокур чырак кейптенип
Өчүүдөмүн ыш муунтуп, дат басып.

Көп иш койгон, максат койгон алдына
Жокко чыкты, текке кетти үмүттөр.
Бекер жазгам: «Күлүп туруп өлөм!» —деп,
Жок, жок, менин өлгүм келбейт, жигиттер!

Көп деп айтар, өмүр сүрдүм канчалык?
Көп деп айтар, ишим кайсы кыйраткан?!
Азыркыдан пайдасы көп болмокчу,
Мындан аркы жашаар өмүр, чын айтсам.

Сезбегенмин мындан мурда эч качан
Мындай күчтү, мындай оор күйүүнү.

Билбегенмин жүрөктөгү көк толгон
Кайрат, өчтү, санаркоону, сүйүүнү.

Эми сездим эт жүрөгүн кишинин
Ушунчалык күчтүү жалын чалганын.
Өх, өкүнүч, бирок ушул жалынды
Өз колумдан элге бере албадым.

Өлүм эмне, өкүнүчтүү эмес да,
Өлгөн болсоң коргоп туруп калкыңды.
Көтөрө албайм, достор, өлүм кордугун
Болгон кезде ач, жылаңач, салпыңды.

Тилеймин мен өлбөй туруп берүүгө,
Элим, сага жүрөгүмдүн бүт күчүн.
Өлсөм дагы айта алсам болгону
Өлдүм мен деп бир туушкан эл үчүн!

*Сентябрь, 1942-ж*

## КАТ

1

Согуш тынган арада
Калем малып сыяга
Кат жазчумун силерге,
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Кат жазчумун силерге.

Ырга кошуп катымды,
Эске алсаңар атымды.
Үйүңөрдө, көчөдө,
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Үйүңөрдө, көчөдө.

2

Жоону элден куубастан,
Ордосун күл кылбастан,
Үйгө кайтуу ойдо жок;
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Үйгө кайтуу ойдо жок.

Болсок дагы биз ыраак,
Ырынарда ырдалсак —
Кубанганы көңүлдүн,
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Кубанганы көңүлдүн.

3

Айта жүрсө элибиз,
Өсөт биздин демибиз,
Күч кошулат билекке:
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Күч кошулат билекке.

Тезирээк жетип тилекке,
Сүйкүм болсок жүрөккө,
Силер биздин жүрөктө,
Ай, кыздар, сулуу кыздар,
Силер биздин жүрөктө.

## АЙРЫЛУУ

Көрүшпөөнү сезип туруп айрылуу —
Ар убакта кайгысы экен кайгынын,
Жер жүзүндө достук менен махаббат
Болгон кезде бүтүн сенин байлыгың.

Жиби менен махаббаттын, достуктун
Байланганда кирсиз тунук көңүлдөр,
Бүт мааниси бир-биринен айрылса,
Жоюлчудай болгон кезде өмүрлөр...

Кокусунан ачуу тагдыр бороону
Айрып койсо сени жакын адамдан,
Соңку жолку өпкөн кези, көз жашы
Түбөлүккө чыкпай калат санаандан.

Көп эле го менин жакын досторум,
Көп эле го көңүл сүйгөн курдаштар.
Калды жалгыз жаагымда сакталып,
Ошолордон тамган ысык көз жаштар.

Билбейм, билбейм,
Бороон айдап,
Сел каптап
Дагы канча азаптарды кеземин.
Не болсо да эти качкан бетимден
Досторумдун соңку жашын сеземин.

Татып чексиз ачуу даамын азаптын
Өзөк куурап кайран өмүр солуптур.
Ыйлай-ыйлай өбүшөйүн от чыксын,
Тагдыр, мени досторума жолуктур!

Айлар эмес, жылдар... бою азаптын
Оор жүгүн жүрөгүмө жыйнадым.
Тагдыр, эми бир минуттук көрүшүү
Кубанычын берип мени сыйлагын!

*Октябрь, 1942-ж.*

## КУЛ

Алдында жоонун коркоктук кылып,
Калтырап туруп көтөрдү колун,
Согуштун кызуу кезинде атпай
Ыргытып ийди мылтыгын, огун

Душмандар болсо сүйүнүп, жектеп
Артына колун байлады толгоп,
Зоңкойгон жүктү жонуна артып
Айдады тылга камчылап, кордоп.

Баратат илкип, кан жууйт мойнун
Оор жүк эзип, камчылар тийип.
Койкойгон шамдай келишкен бою
Чүлүктөй болду койгонсуп ийип.

Адамдык сыпат бул кезде барбы
Шүмшүктө ушул? Көргүлө сурап,
Кол-буту, башы, аялуу жаны —
Баары да душман эркинде турат.

Жок эми сага күн көрүү элдей,
Бекиттиң жашоо жолунду өзүң;

Душмандан коркуп, ок атпай, колду
Көтөргөн сен да жалдырап көзүң.

Же согуш, жактап акыйкат ишти,
Же танда түндөй кулдукту, шүмшүк.
Биринчи жолдо даңк шаңы турат,
Экинчи жолдо тозоктуу түйшүк.

*Январь, 1943-ж.*

## БӨРҮЛӨР

Кан майданда миндеп өмүр кыйылып
Канча адамдар кан төгүшүп урушат.
Шимширлешип түнү бою тынбастан
Көп бөрүлөр туш тараптан улушат.

Канча адамдын, канча аттын эти бар!
Кызарат да бөрүлөрдүн көздөрү.
Мунун баарын түнү бою атышып,
Майсандаган адамдардын өздөрү.

Бөрүлөрдү баштап жүргөн карт бөрү,
Ыксыраган адамзаттын канына,
Келе жатып токтой калды селт этип
Өтө катуу жаралуунун жанына.

Ак кайыңга башын жөлөй жыгылган,
Жаралуу жан онтойт, жөөлүйт кыйналып,
Ак кайың да аяп ушул жигитти
Желпийт, сылайт жүргөн желге ыргалып.

Аяп ыйлайт жараланган жигитти
Лала гүлдөр, кайыңдардын чачтары,
Көк шиберде мөлтүрөгөн шүүдүрүм —
Эчен гүлдүн күнөөсү жок жаштары.

Жыттап көрдү ал жигитти карт бөрү,
Көздөрүнө кетенчиктеп карады.
Эмнегедир, чочугансып силкинди
Араң жаткан жаралуу жан жанагы.

Жаралуунун дем алуусу арадан
Уруп турду карт бөрүнүн мурдуна.
Бирок бөрү тийбей ага, жөнөдү
Өз жолуна бир аз башын бурду да.

Таң атканда келди кишн сүлпөттөр,
Көрүштү алар жаткан жанды кансырап
Кантсе дагы үмүтү бар жашоодон,
Жаткан менен эстен ооп алсырап.

Бул жырткычтар денесине жигиттин
Сүмбөлөрдү отко ысытып басышты.
Каалашынча кыйнап туруп, артынан
Жалгыз өскөн ак кайыңга асышты.

. . . . . . . . . . . . . . . .

Кан майданда миңдеп өмүр кыйылып,
Канча адамдар кан төгүшүп урушат.
Шимшилешип түнү бою тынбастан
Көп бөрүлөр түш тараптан улушат.
Бөрүлөр-ай!.. Бөрүлөр да мынчалык
Жырткычтыктан алыс, оолак турушат.

*Март, 1943-ж.*

## БАГБАН

Акылман биздин картайган багбан,
Чыныгы жашы токсонго барган.

Күн менен кошо ойгонуп багбан,
Жеңдерин түрүп, күрөгүн алган.

Отуртуп гүлдү, арыкты түзөйт,
Алмалуу бактын бутагын күзөйт.

Ийилип шагы бүлдүркөн өскөн,
Жайнаган гүлгө жетпейт го өлчөм.

Канаттуу куштар бактарга конот,
Күрдөөлдүү жаздын коногу болот.

Көңүлдүү бакка май күнү тийип,
Ак кайың жашыл чапанын кийип

Турганда, багбан жашарат анык,
Бактарга карайт көзгө жаш алып.

Бир кезде бул бак жетилер өсүп,
Макташаар жаштар өскөнүн көрүп.

Өлсө да багбан, эскертип аны
Жаз сайын гүлдөйт өстүргөн багы.

Сагынар досун карагай, кайың,
Картайган багбан бактылуу дайым.

## СОҢКУ ЫР

Жер бети кандай кең,
Көңүлдүү, сулуу!
Түрмө ичи караңгы,
Эшиги кулпулуу.

Куш жүрөт асманда
Эркинче айланган.
Мен оонайм сыз жерде,
Колдорум байланган.

Тышта бир гүл өсөт
Жамгырдан кулпунуп.
Соолуйм мен, өчөм мен
Түрмөдө тумчугуп.

Билем мен: өмүрдүн
Таттуусун, бүт сырын!
Эми мен өлөмүн,
Бул ырым — соңку ырым!..

*Август, 1943-ж.*

## ӨКҮМ БОЛДУ ӨЛҮМГӨ

Өкүм болду, өкүм бүттү. Желдеттер
Бериншти ага бүгүн өлүм жазасын.
Ал ыйлабайт, бирок бүткүл көз жашы,
Агып бүткөн, жокту кайдан табасың...

Түрмө тыптынч, түнкү асмандан шыкаалап,
Улутунуп мунга толгон ай турат.
Шордуу болсо: «балам — жүрөк түгөйүм
Жетим болуп калат го», — деп кайгырат.

*Сентябрь, 1943-ж.*

## САКЧЫ

*(Ядгар хан монологу)*

«Найза» белги жендерине жамаган
Сакчы жүрөт каалгамдан башпагып.
Салмак менен каршы-терши басышы
Жатканга окшойт жүрөгүмө мык кагып.

Коркуп анын көздөрүнөн жырткычтай,
Бут теребел кыймылдабай жаткансыйт.
Жер майышып онтогонсуйт ал басса,
Күн да андан терс бурулуп баткансыйт.

Желмогуздай адамзатка жүткүнүп,
Кандуу камчы колуна алып үксүйүп,
Ажал, кулдук, айбандыктын жалчысы
Ана отурат зындан сактап бүкчүйүп.

Туткундардын жүрөк этин чокулап
Өтөт анын ач кузгундай өмүрү.
Ага тамак — көздүн жашы, аккан кан,
Кишендеги шордуулардын өлүмү.

Билген болсо мунун балит колдорун,
Канча өмүрдү муундуруп кырганын,
Жер да чыдап көтөрө албас эле го.
Күн да безип бербес эле нурларын.

## КАНДАЛА

Көңүлсүз түрмө чычканга толгон,
Секиде болсо — кандала тою.
Бышканда ичим чыдабай кээде
Кандала терем жатып күн бою.

Өзүмчө ойлойм: түрмөнү тыт-мыт
Бузушса эле, жыгышса эле.
Кандала сыяк кожонун өзүн,
Тутушса эле, сыгышса эле.

## ӨКҮМ АЛДЫНАН

*Чүрчүттөр ханы*
*(«Кылыч хан» трагедиясынан)*

Өкүм күнү баарыбызды чыгарып,
Бош орунга тизип койду көгөндөп.
Бул кордукка чыдап күбө боло албай,
Күн да батты, акырында, төмөндөп.

Чөптөгү суу шүүдүрүмдүн суусу эмес,
Шордуу жерден мөлт-мөлт аккан көз жаш да.
Калың туман арасына жашынды
Коркконунан токой, көл, суу, тоо-таш да...

Тышта суук, Жыңайлак бут менен
Сездим жердин тааныш жылуу илебин.
Деми менен мээримдүү ушул жер
Энеме окшоп жылытмакчы жүрөгүм.

Кайгырба, жер, майтарылбас жүрөгүм
Сени басып турган кезде эки аяк.
Анын ысмы тил чыгарган өзүмө,
Өлгөндө да Аны айтармын кайталап.

Мына, алар, акимдери чүрчүттүн,
Түрү суук, мурду суулуу, кызыл көз.
Билишсе экен, алар эмес, биз бүгүн
Өзүлөрүн айыптайбыз айтып сөз.

Кайрап-кайрап канкор желдет балтасын
Көркоо иттей турса дагы жанында,
Чүрчүттөргө каршы сөздү акыркы
Айтабыз биз туруп өкүм залында.

Келер ал күн, элдер өкүм чыгарар
Кыска, кескин, ачып жоонун бул сырын.

Айыптоочу акт болор фашистке
Қаным менен жазган ушул соңку ырым.

*1943-ж.*

## ГҮЛ МҮРЗӨСҮ

Бир гүл түштү сабагынан үзүлүп,
Түндүк жактан шамал согуп аркырап.
Узактабай минип шамал канатын
Қар да келди күмүш жүзү жаркырап.

Мамыктай кар гүлдү ороп кепиндеп,
Қлумбалар[1] мүрзө болду дапдайын.
Таштан койгон эстеликке окшоду
Ага жакын өскөн жалгыз ак кайың.

Қар бороону курман издейт жаңыдан
Бул мүрзөнүн дубалдарын ургулап.
Ойгонбойт гүл, жер койнунда созулат
Таттуу, тынтынч уйкусуна уйку улап.

Жаз келгенде мүрзөсүнө бул гүлдүн
Жамгыр жаап, чагылгандар чагылар.
Клумбаны безеп дагы таң ата
Жаңы гүлдөр бүр мончогун тагынар.

Кышты күтөм солгон гүлдөй уктоого,
Қар жууркан жамынууну сагындым.
Жүрөктө өнгөн менин соңку ырларым
Гүлүн ачар дилиңерде баарыңдын.

*Сентябрь, 1943-ж.*

## СААТ

Биз экөөбүз, сүйгөнүм,
Қош алмасы дүйнөнүн.
Қобурашып, ырдашып,
Отурабыз сырдашып.

---

[1] Клумбалар — түрдүү-түрдүү тигилген гүлдөр.

Эркем менин супсулуу,
Сүйбөйт деп жок кымсынуу.
Кирпиктери гүл гана,
Төмөн карайт нурдана.

Кыйгач тартып каштары,
Куп таралган чачтары.
Баарынан да жоодурап
Карашы эстен оодурат.

Отурганда мандайлаш,
Бир жыргатат көз караш.
Менин ичим ачынат,
Эркем дайым шашылат.

Отургансып иймеге,
Саат карайт сүйлөнө.
«Көп отурдум жетер» —дейт,
«Кечикпейин бекер» — дейт.

Өчпү саат — ким билсин,
Шашылат кайда — жин билсин!
Ушул саат дабышы —
Накта чиркөө кагышы.

Мен жалынам «кетпе» деп,
«Али убакыт эрте» — деп.
Саат карап жалжалым:
«Бекер мени кармадың».

Көтөрө албай жабырын,
Бүттү белем сабырым:
Саат тилин жулдум мен,
Жулуп жерге урдум мен:

«Бактылуулар саатка,
Эч карашпайт, аппагым!»
Сезбей дагы калыппыз
Таң сөгүлүп атканын.

*Сентябрь, 1943-ж.*

## ЭНЕ МАЙРАМЫ

Үч баламды эркин куштай талпынтып,
Таптап туруп учурдум мен талаага.
Айткылачы, бир кабарын энеге
Ойлой-ойлой баткан терең санаага.

Кайда жүрөт уулдарым — куштарым;
Билүү үчүн тилейт эне көңүлү.
Тагдыр жолу кайда аларды жеткирди,
Белгисиз го жеңиши же өлүмү?

Түштүк жактан учуп келген зыпылдап;
Бир көгүчкөн конду эне үйүнө.
— Сен, көгүчкөн, билип турам, уулумдан
Жакшы кабар айтчы — угайын сүйүнө.

Санааркадым, кайда менин зор уулум?
Кайда менин боор этим, көз нурум?
— Кайгылуу иш, эне, уулуң көз жумду,
Кырымдагы салгылашта кечкурун.

Кантсин эне катып калды туңжурап,
Көздөрүнөн бермет жаштар чуурулат.
Зор уулунун кайгысына чыдабай,
Болуп кетти чачтары да буурул, ак.

Үч уулумду эркин куштай талпынтып,
Таптап туруп учурдум мен талаага.
Бир кабарын достой көрүп энеге
Айткылачы, батырбастан санаага.

Кайтпас болду уясына зор уулум,
Каза тапты боор этим, көз нурум.
Ортончусу, мүмкүн, анда амандыр,
Шуулдаган андан келген шамалдыр.

Эрке шамал тереземди черткилеп,
Күбүрөнөт кандайдыр бир кабарды.
— Айтчы, шамал, сапарыңдан келерде
Көрө алдыңбы менин ортон баламды?

— Кайгылуу иш, эне, сенин ортончуң
Каза болду кан майданда жоо жирөп.

Алмаз кылыч түшпөй турду колунан
Соккон кезде күчтүү жүрөк соңку ирет.

Кайгы отуна каршы жүрөк түтпөстөн,
Эстен танды, чачылды бүт сөздөрү.
Ыйлай-ыйлай санап өлгөн балдарын,
Сокур болуп көрбөй калды көздөрү.

Үч баламды эркин куштай талпынтып,
Таптап туруп учурдум мен талаага.
Айткылачы, бир кабарын энеге
Кайгы тартып баткан терең санаага.

Эки уулум каза тапты урушта,
Эң акыркы үмүтүм бар турмушта:
Билип турам үчөө бирге келбесин,
Мүмкүн, көрөм эң кичүүсүн — кенжесин.

Көгүчкөн да учпай көккө көкөлөп,
Тынып калган жүрчү шамал күбүрөп.
Тынчтык бербей токой четин жаңыртып
Угулууда не бир дабыш дүбүрөп.

Титиреткен теребелди дүбүрттөн
Чочуп эне таңга маал ойгонду.
Басып келип терезени таянып,
Сан жеткиссиз санаа чырмап ойлонду.

Атчан келди, согот эне жүрөгү,
Шылдыратат үзөңгүсүн, суулугун.
Шаңдуу карап минген атын ойнотот,
Эң кичүүсү эненин үч уулунун.

Көкүрөктө алтын медаль жарк этсе,
Колдорунда жеңиш туусу шаңданат.
Куштар сайрап, таң нур чачып баатырды
Тосуп жатат, көргөн жандар таңданат.

Көрбөсө да эне көзү каралдын,
Көңүл түйдү жаңылбастан аман деп.
Ыйлап туруп кенжесинин мойнунан
Кучактады каргылданып: «Балам!» деп.

— Соо кайттыңбы, жаным уулум, алтыным!
Кубаныч толду орундалып талабым!
Карт эненин күмүш бубак чачына
Таамп жатты алтын жашы баланын.

— Менмин, эне, ыйлабачы, сооромчу,
Сага арнап сенин уулуң — актыгың.
Алып келди курчу менен кылычтын
Эл тынчтыгын, жеңиштердин шаттыгын.

Агаларым кан төгүлгөн согушта
Жеңиш жолун бизге сызып жан берди.
Жүрөктөрү соккон кезде соңку ирет,
Түбөлүк даңк кучактады эрлерди.

Калтырсам да көөмп алыс жактарда
Эки агамдын кымбат, баатыр денесин,
Алып келдим даңктуу тууга шиңетип,
Аккан канын, өлбөс ыйык элесин...

Алып эне ыйык тууну колуна
Сокур көзгө сүрттү — көзү ачылды.
Балдарынын кең көкүрөк шумкардай
Жарык нуру жүзүн жууп чачылды.

Үч баламды эркин куштай талпынтып,
Таптап туруп учурдум мен талаага.
Келгилечи, боордоштор, энеге
Кайгы тартып баткан эле санаага.

Эмчек сүтүм берип, бөлөп, терметип,
Өстүрдүм мен үч шумкарды эл үчүн.
Эрдик ырын, күрөш ырын үйрөтүп,
Учурдум мен көрсөтсүн деп бүт күчүн.

Эки уулум келбей калды сапардан,
Бош аттары кишенешет жоктошуп,
Өз канымды берген элем, аны алар
Калтырышты алыс жакка окшошуп.

Алар ыйык Мекен үчүн кан төктү,
Жерге сээп жеңиш таңдын нурларын
Алып келди элге, жерге ал таңды
Кенже уулум, менин кенже шумкарым.

Беш бутактуу анын ушул медалы
Кубандырды карт эненин жүрөгүн.
Өлбөгөнсүйт уулдарым, толтура
Жигит, кыздар шанга бөлөп түнөгүм.
Айра албайм үндөрүн да ырдашса,
Балдарымдай, жокко чыгат күмөнүм.

Бир кайгырсам, эки эсе мен кубанам:
Текке кетпей ар бир тамчы ак сүтүм,
Өстүргөнгө өлө билген балдарды
Бөлөнүшүп өлбөс даңкка эл үчүн.

Келгиле бүт кубанычтуу энеге,
Анын бүгүн туулган күнү, майрамы!
Келүүдө ага карылар да, жаштар да
Үйү толо боо-боо гүлдүн байламы.

Унут болду кубанычтан элдеги
Жүрөктөгү оор кайгы элеси.
Эл төрүндө, гүл ичинде отурган
Үч баатырдын, үч уулдун энеси.

*Сентябрь, 1943-ж.*

## БОЛОТ

*Болот мына ушинтип курчуду.*
*Н. Островский*

Кезим эле мурутумду кыра элек
Өткөн жылы үйдөн жөнөп кеткенде;
Өмүр бою алтымыш жаш карынын
Көргөндөрү азыр менин желкемде.

Бул бир жылда өткөндөрдөн башыман
Мээм шишип, жүрөк дагы кабарды.
Жыйырмада тырыш басып бетимди,
Жыйырмада чачым дагы агарды.

Дары жыттуу, кандуу, жаштуу бул жылдын
Бүт салмагы жыйылды эки аякка.
Мына жыкты жыйырманын кырында
Өбөктөтүп, баш ийдирип таякка.

Таппайсыңар азыр менин көзүмдөн
Бала чактын ойноктогон шоктугун.
Кербезденип каш кагылбай калган кез,
Көңүл дагы унут кылды оттугун.

Жүрөк өчтү, жаштык оттон жат болду,
Санаа чырмап калып кетти капкайда.
Жаштык күйдү от тутанган дарыдай,
Өмүр дагы көмүр болду үч айда.

Жаштык, жаштык,
Кайда айлуу түндөрүң?
Кайда калды сенин «көпкөк көздөрүң?»
Донду бойлоп окоптордун ичинде
Чорт үзүлдү сенин жылуу издериң.

Булбул сайрап аткан таңда жолукпай,
Бороон соккон түн койнунан жарк эттиң.
Жеңип алган чекке сени кан жууган
Туудай кылып сайып коюп мен кеттим.

Өкүнөт деп оюңарга келбесин:
Көрүп туруп кубанычын бүт калктын;
Жүз жаштыгым болсо дагы, бардыгын
Ушул жолго бербей кантип турмакмын?

Жаштык деген учуш үчүн көкөлөп,
Жаратылган канат дешип айта алар!
Карыялар сүйлөр аны таңшанып,
Кылымдарга тарых дагы кайталар.

От, суу кечип душман менен кармашып,
Колго тийген улуу чындык кырчыны.
Биздин жаштык өттү мына ушунтип,
Болот дагы мына ушинтип курчуду.

*30-сентябрь, 1943-ж.*

## ЖОЛДОР

Жолдор, жолдор, мени туулган жеримден
Алыс жакка айрып алып кеттиңер.
Жетер эми, конок болдум узакка,
Кезек келди кайра үйүмө жеткирер.

Сагындым мен өскөн тааныш талааны,
Токойлорду, көпүрөнүн баш жагын.
Сагындым мен сүйгөн жардын ак жүзүн,
Ичке белин, чымкый кара каштарын.

Жамгыр төгүп турган эле жөнөрдө,
Карап калды жүрөгүмдүн сырдашы.
Жууп жатты кирпиктерин, ак жүзүн
Жамгыр эмес, мөлтүр назик көз жашы.

Жарым жаның калса үзүлүп артыңда,
Кыйын экен четке кеткен кезинде.
Жарайт али, сүйүү менен үмүтүм
Ажырашпай бирге турат сезимде.

Жолдор, жолдор, бардыгыңар силердин
Катаалсыңар, жоругуңар калкка жат!
Айткылачы, кимдер өттү силерден,
Биринчи из кайсы жактан башталат?

Мага окшош кайсы жүрөк шашылыш
Биринчи изин дал ушундан баштады?
Кимди ушинтип үмүтүнө жеткирбей,
Ыраак жакка алып барып таштады?

Билем, билем, түртөт жаштык ташкыны
Аалам кезип жүрүү үчүн арманда.
Бул жолдорду буттар басып салбастан,
Жүрөк сыры, сезимдери салган да.

Кайсы жакка кетсек да биз кыдырып,
Ташкындарга жаштык кулач сермеди.
Бул жол мени туулган жерге кайрадан
Алып кайтар ишеничим мендеги.

Жолдор, жолдор, мени туулган элимден
Алыс жакка айрып алып кеттиңер.
Жаңы кубат, жаңы сезим, дем менен
Мезгил жетти сүйгөнүмө жеткирер.

*Октябрь, 1943-ж.*

## БҮЛДҮРКӨН

Терип келди бүлдүркөн
Эркем менин талаадан.
Билдире албай телмирем
Сүйгөндүгүм мен аган.

Бүлдүркөнүн бүт коюп,
Конок кылат гүл эркем.
Билбес, балким, өз эрди —
Бышып турган бүлдүркөн.

*8-октябрь. 1943-ж.*

## КӨЙНӨК

Ырдай-ырдай көйнөк тигет Дилбар кыз,
Бармактары сермеп күмүш ийнени.
Ырлар эмес, желдер жете алгысыз
Алыс жерде көйнөк ээси, сүйгөнү.

Эки колу чүркайт жибек жол менен,
Санаркоо бар анын ойлуу жүзүндө.
Жүрөк сыры сайма болуп калууда
Жибектеги күмүш ийне изинде .

Атлас менен кайып көйнөк жакасын,
Жең учуна жараштырып кыр койгон.
Бул көйнөккө ширеткенсип көрүнөт
Жүрөктөгү жылуулугун бүт бойдон.

Аз тамган жок көз жаш ар бир саймага,
Сагынуу бар ар адипте keминде.
Ушул көйнөк жапжаш жоокер жигиттин
Жүрөк досу болсун жүргөн жеринде!

Ырдай-ырдай көйнөк тигет Дилбар кыз
Бул көйнөгүм жүрөк досун тапсын деп;
Бул көйнөктү кийип сүйгөн жигитим
Согуштардан жеңиш менен кайтсын деп.

Дагы бир иш... Анан көйнөк бүт бүтөт,
Тагайын дейт топчуларды кармалап.

Күлүмсүрөп Дилбар карайт көз албай,
Өз ишине өзү ыраазы, таң калат.

Күн күлүндөйт терезеден баш багып,
Көк көйнөккө түшөт нурдуу жамалы;
Күндөй болуп кучагынан көйнөктүн
Көрүнгөнсүйт эр жигиттин караанны.

Ушул кезде бирөө кирип эшиктен,
Шашып-бушуп бир кат берди Дилбарга.
Жазылыптыр катта: «Күткөн жигитиң
Баатырларча жан кыйды — деп, —майданда»

Узак турду Дилбар үнсүз селдейип,
Каны качып эрин болду ак сурптай.
Жел айдаган көлдөй болуп толкундап,
Көкүрөгү көтөрүлдү дем чыкпай.

«Жок, ишенбейм...» деди аран күбүрөп,
Үшкүрүнөт, кайгы чегип жаш башы.
Тизген гүлдөй кирпиктерин аралап,
Мөлт дей түштү эки тамчы көз жашы.

Андан кийин бачым, кылдат кыймылдап,
Көк көйнөктү бүктөп ороп алды да,
Чуркап келип почтампка өтүндү:
«Бул белекти тезден кабыл алгыла!»

«Аның өлгөн,
Кантип кабыл алабыз?»
«Жеткиргиле, мейли, өлгөн болсо да!
Кийгизгиле бул көйнөктү өзүнө
Эр денесин жерге көмгөн болсо да.

Ал тирилер бул көйнөктү кийген соң,
Жүрөк оту жанар кайра жанынып,
Мен сүйгөмүн чын жүрөктөн берилип,
Мен күтөмүн аны чексиз сагынып...»

Андагылар макул болду. Бул кыздын
Айткандары чын катары билинди.
Жеткиришип бул көйнөктү жигитке
Кийгизишти... Жигит кайра тирилди.

Күн да чыкты. Терезеден Дилбар кыз
Улам карап күтөт жүрөк сүйгөнүн.
Жигит дагы келе жатты күнгө окшоп
Кийип алып көпкөк жибек көйнөгүн.

— Жомокпу бул?
— Ооба, жомок.
— Айтчы жөн,
Жүрөк досу, күндөй нуру жайнаган!
Сен болбогун нуру менен сүйүүндүн
Жашоо үчүн өмүр берген кайрадан?

Аз көрдүмбү окобумдун алдынан
Ажалдардын бийлегенин атып ок.
Жүз өлүмдөн тартып алды өзүмдү
Жалындаган сенин сүйүүң кири жок.

Жүз өлүмдөн кутулдум мен жүз жолу,
Кайра келдим тирүүлүктүн сабына.
Көз жашынды кошуп тиккен көйнөктү
Кийип кайттым мына өзүңдүн жаныңа.

*Октябрь, 1943-ж.*

## АКЫРКЫ КАПАЛЫК

Ичке толгон капалыктан, каргыштан
Арылтпастан жутат эми жер мени.
Көз нурларын төккөн кайран энемдин
Эмнеге мен болдум экен эрмеги.

Эне, ийип эмчек сүтүң эмиздиң,
Терметкенде бешик ырың арнадың.
Ал ырыңдан наалат, каргыш жаадырып
Чын дилимден бул дүйнөнү каргадым.

Айтчы, дүйнө азабына өзүңдүн
Түтпөдүмбү алым-күчүм жеткенче?
Түтпөдүмбү... Теңдеши жок сабырым
Көз жаш менен калбай агып кеткенче?

Ар бир түркүн курт-кумурска эркинче
Сүзөт сууда ойноп кумар таратып.

Мен шордуучу, эрниме сүртүшкө
Бир тамчы суу таппайм өлүп баратып!

Көрүшпөдүм достор менен көңүлдөш...
Дос ордуна кишен кысты колумду.
Күн да... менден нурун аяп, жек көрүп,
Өлөр чакта көбөйттү бейм шорумду.

Өлөм — дедим,— жетер, бекер кайгырам,
Көрүп өлсөм—дедим, — кызым, жүзүңдү.
Топурагына мүрзөсүнүн энемдин
Коюп өлсөм — дедим,— ушул жүзүмдү!

Неге мага мүрзө болду түрмө ичи?
Неге жууду кан, жаш уктаар ордумду?
Же жеримди сүйгөнүмдөн аябай
Мээриминен бүт бейнасып болдумбу?

Дүйнө, сени Лайлиге окшоп көргөмүн,
Мажнун сүйгөн жүрөк менен жактырдым
Бирок, дүйнө, жүрөгүмдү кири жок
Кара жолтой иттериңе каптырдың.

Айрып мени мекенимден — энемден,
Сүрүп келип кайсы жакка таштадың?
Өксүп-өксүп ыйласам да жеримдин
Топурагына тамбайт аккан жаштарым.

Тууган элим, мен бир уулуң өксүгөн,
Өлөм эми чет жактарда бүт солуп.
Көз жаш барсын өзөнгө окшоп өзүңө,
Аккан каным өссүн кызыл гүл болуп.

*Октябрь, 1943-ж.*

## СОГУШТАН КИЙИН

Май айында жыйналарбыз дагы биз,
Шарап жайнап, дасторкон да салынар.
Бокалдардын үнүн улап күмүштөй
Келгендердин ыры дагы жаңырар.

Столдор бүт жаңы гүлгө жасанар,
Гүл сыяктуу шайыр кыздар толушуп.
Куттукташып колубузду кысышар.
Каш кырынан араң өпкөн болушуп.

Кээ бирөөлөр болбос биздин арада,
Алар үчүн турар эчен бош орун.
Көтөрөрбүз эң биринчи бокалды
Атын атап биздин баатыр достордун.

Мына ушундай оор күндөр өткөн соң,
Учурашуу гүлгө оронор шаң толуп.
Шарап эмес, кубанычтан баарыбыз
Ыр ырдарбыз, балким, бир аз мас болуп.

Көп узабай, бокалдарды көңтөрүп,
Козгоп тегиз дасторкондон элдерди,
Жөнөрбүз бүт достор каны төгүлгөн
Талааларга түрүп алып жеңдерди.

Бузулган жол, өрт ураткан шаарлар
Келишер деп бизди күтүп жол карар.
Ойгонушсун тракторлор кайраттуу,
Ойгонушсун күчтүү колдо балталар.

Талаа-түздө алтын буудай ыргалсын,
Кыйратылган имараттар жаңырсын.
Жеңген элдин ушул эмгек теринен
Бүтүн жерлер гүлдөн шуру тагынсын.

*Октябрь, 1943-ж.*

## ЖАЗГА КӨМӨК

Жардамга күнгө келдик биз эми
Арчууга жерди бастырбай карга.
Кыштын да өлөр кезеги келди,
Ачалы жолду эр жүрөк жазга.

Капкадан бул кыш киргени, деги,
Жетерлик кордук жер дагы көрдү.
Кетмендеп, күрөп арыдан-бери
Агызып кышты, ачалы төрдү.

Өзөндөр, суулар жабылды бекем,
Толкундар болсо камалды эрксиз,
Булактын көзү бүтөлгөн экен,
Жашыл чөп өспөй талаалар көрксүз

Солутту бул кыш гүлдөрдү түркүн,
Бактардан кууду куштарды сансыз.
Билекти, достор, түрүнүп бүтүн
Алалы ломго «душманды» арсыз.

Астынан муздун өзөндөр чыгып,
Толкундап аксын, ташкындап аксын
Каркылдап көктөн каркыра учуп,
«Күмүштөй көлдү» батырак тапсын.

Арылып кардан эс алсын жерлер,
Талаадан чөптөр кылтыйтсын башын
Турганда колдо шайман, күч белен
Иштейли, достор, болгула бачым.

Күн саят алтын найзасы менен,
Бороондон тойду бүтүндөй кыр-ой.
Башаттар аксын шылдырап кенен,
Шыпырсак кышты көчөгө койбой.

Жеңилди кыш да. Күрөктү, ломду
Ийинге салып кайттык биз андан.
Кубанып ырдап шандантып жолду
Жаз үчүн берген аяктап жардам.

Желпинтип желге чачтарын четин
Жылмая карап колдорун сермейт.
Астынан кардын көрсөтүп бетин
Жер-эне гүлдү — белегим бул дейт.

*Октябрь, 1943-ж.*

## ДВИНАГА

Эгер сенин агымыңды, Двина,
Буруп болсо, аксаң кайра чегине.
Толкунуңа таштап нйсем өзүмдү,
Шарт агызып кетер элең элиме.

Эңсегенмин күрөштөрдүн доолун,
Баатырларча кулач уруп сүзөм деп.
Кантип түтөм кулдуктагы кордукка?
Жакындоодо өмүр жибин үзөр чек.

Агым эмес, мүмкүн болсо, ойлонбой
Кайтармакмын кайра буруп өмүрдүн
Бүтүн жолун, жүрөктөгү ырымды
Берүү үчүн энчисине элимдин.

Ыраазы элем кыйындыкка, азапка,
Көргөн болсом туулган жерди бүт бойдон.
Кечүү үчүн дарыясын турмуштун
Мурда эле мен элде жүрүп ойлонгом.

Өкүнбөймүн элге жетип өлсөм мен,
Жер жашырат боору бирге баласын.
Билип турам, көрүстөнүм үстүндө
Эстеликтей болуп, ырым, каласың.

Кулдук менен келише албайт көңүлүм!
Башта ушул ой, күн-түн жанчып кордосо.
Кучагына толкунуңдун шарп эткен
Ал, Двина, мени айла болбосо.

Табар элем, балким, тынчтык, бейпилдик
Чайкалсам мен толкунуңа чабылып.
Жеткир мени, көрсүн элим, мекеним
Өлүгүм да келгендигин сагынып.

Сенин күчтүү агымыңды, Двина,
Буруп болсо, аксаң кайра чегине.
Ырым менен бирге менин денемди
Шарт агызып жеткирмексиң элиме.

*Октябрь, 1943-ж.*

## ЖАШ ЭНЕ

Кыштак күйөт... кызыл нурдай жалбырттап,
Ойнойт көктө кандуу өрттүн жебеси.
Кулап түшкөн үйдүн эшик алдында
Сулап жатат жансыз эне денеси.

Ыйлай-ыйлай алты айлык бир бала
Эмчек издейт тартып эне көөдөнүн.
Соруп көрөт, өксүп ыйлайт, аймалайт,
Кайра жоошуп сүртө баштайт көздөрүн.

Желдет өзү күн батышка качууда,
Сүйрөп алып талкаланган жарагын.
Кууйт аны арт жагынан ок болуп
Эне каны, көз жаштары баланын.

Жашырынчу жерде жаткан Сарвар кыз
Угуп чыкты бала үнүн ыйлаган.
Катып калды үн-сөзү жок селдейип
Көрө коюп кошунасын кыйбаган.

Кучагына ала коюп баланы
Жашын сүрттү, өпкүлөдү, сооротту.
Андан кийин сүт ысытып ичирип,
Колуна алып эркелетти, ойнотту.

Эне мээри пайда болуп Сарварда
Эркелетти, бала ыйы басылды.
Кызды карап: «Апа! Апа!» — деди да,
Көкүрөгүн аймалады, асылды.

Бар болгону он жетиде Сарвар кыз,
Турмуш жолун эми жаңы аттамак.
Ал жылмаят мээри менен энелик,
Эне болгон бактысына шаттанат.

Көрөсүңөр, ал баланы сонсонун
Өстүргөнүн энесиндей жалынып.
Ар кеч сайын терезеден угулар
Жаш эненин бешик ыры жаңырып.

Канат байлап учат менин көңүлүм,
Уккан кезде анын ырын ар убак.
Дал ушундай жүрөк берген кыздарга
Мекен, сага,
Элим, сага ыракмат!

*Октябрь, 1943-ж.*

# МЫКАЧЫЛЫК

*(Пьесадан)*

Алар... Алар энелерди, балдарды
Жыйнап туруп куу талаага айдашты.
Қаздырышты терең чуңкур, өздөрү
Четирээктен ылжың күлүп жардашты...

Андан кийин алсыз калкты тургузду,
Қатар тизип кыргагына чуңкурдун.
Дөбөчөгө чекир көздүү мас майор
Чыга калды салаңдатып зор мурдун.

Жамгыр төгүп турган эле... Булуттар
Түрткүлөшүп чөгүшкөнсүйт, байкасам,
Жерге өбөктөп...
                    Жок, жок, ушул учурду,
Ушул күндү унута албайм эч качан.

Эчен суулар акты боздоп, өкүрүп,
Өзүм көрдүм, көзүм күбө баарына;
Балага окшоп өксүп-өксүп жер-эне
Жашын төктү түтпөй желдет каарына.

Өзүм көрдүм муңдуу күндүн кандайча
Булут көзөп жерге нурун төккөнүн;
Ыйлап туруп жаштуу, өксүк балдарын
Соңку жолу кысып-кысып өпкөнүн.

Шуулдады күзгү токой шашылыш,
Жүрөктөрдөн ыза, кек, өч чачырап.
Даана угулду көк тиреген эмилдин
Кулаганы, сулаганы качырап.

Желдеттерден корккондуктан жаш балдар
Энелердин этегине бекинет.
Мылтык үнү карт эненин каргышын
Үзүп кетти айтыларда соңку ирет.

Жалбырактай калтыраган бир бала
Чимирилип анда-мында жашынат.
Ача коюп энесинин этегин
Тармал чачтуу башын бекем жашырат.

Ал жалынат энесине, жүрөгү
Көргүлөчү сезгендигин эмнени!
«Атат эми, өлгүм келбейт, апаке,
Боорум, апа, жашыр мени, кат мени!..»

Эне эңилип эки колдоп көтөрдү
Жалооруган жаш баласын — тирегин
Бооруна аны бекем кысып, мылтыкка
Тайманбастан тосту эне жүрөгүн.

Бала кантмек, тыбырады, булкунду,
Ачуу үнү калчылдатат адамды:
— Апаке-бай, жашайын мен, коё бер,
Жаным апа, боорум... өлүп каламбы...

— Коркпо, балам, азыр... бүтөт бардыгы,
Жум көзүңдү, аны көзүң көрбөсүн!
Түз бол, жаным... оорубайт да... эми эле...
Жерге желдет тирүү бойдон көмбөсүн!..

Бала жумду көзүн... Аппак мойнунан
Кызыл тасма чубалжыды, кулады.
Бир-бирине асылышып, жабышып
Эки өмүр бирге жерге сулады.

Көк күркүрөп, учкул шамал үшкүрдү,
Жер ыйлады кычыратып тиштерин.
Кандай ачуу, оттуу, өрттүү көз жаштар!..
Айтчы, жер, сен бул кандайча иштериң?

Айтчы мага, миллион жыл жашадың,
Бактар, гүлдөр чыгарышты көркүңдү...
Кордук менен айбандыкты ушундай
Өмүрүңдө бир жолу сен көрдүңбү?!

Боёп жерди кандарыңа, жашыңа
Чындык туусун көтөр, элим, тайманба.
Анын нуру өлүм болсун эненин,
Жаш баланын канын ичкен айбанга!

*Октябрь, 1943-ж.*

## АЖАЛГА

Кутулдум, ажал, колуңдан эчен
Табылып жолум.
«Бүттүм» деп турган кезимде дагы
Сунду өмүр колун.

Тажабай көңүл бир өзүң менен
Тартышып жүрдүм.
Оп тартам десең толкунуң жарып
Тереңдеп кирдим.

«Соңкусу ушул болсун» деп, мени
Айланттың сен да.
Өчөшүп сага тескери болдум
Ансайын мен да.

Билемин, ажал оюнчук кылар
Иш эмес төгүн.
Убайсыз, тыптынч жашоодон жерде
Безбейби көңүл?

Жашоого каршы болууга азыр
Эмнелер себеп?
Жок, өлгүм келбейт эч качан менин,
Жашагым келет.

Жашоого болот четирээк жакта,
Бороондон оолак.
Жок, келдим сага бороонду жиреп,
Өмүрдү доолап.

Мынакей дагы тырмагың менен
Кармадың сермеп.
Ырларды жазган колума салды,
Кишенин желдет.

Өмүрүм өчөр, жүрөгүм сезет,
Жалындын күчүн.
Өлөмүн улуу акыйкат үчүн,
Эл-журтум үчүн.

Мына ушул үчүн бир нече түштүм,
Колуңа, өлүм.

Түш келем дайым жүргөнсүп күтүп,
Жолуңду сенин.

Акыйкат жолу болгон соң тайгак,
Кантмексиң аны?
Күрөшчү үчүн жеңиш же өлүм —
Жолдошу, жары.

Жакында өчөр, өчкөндөй жылдыз,
Акыркы күчүм.
Өлөмүн улуу акыйкат үчүн,
Калкым, сен үчүн.

## КӨҢҮЛ СООРОТУУ

Кайткан соң элге болорсуң төрдө,
Курчашар сени балдардын баары.
Чырмаса азыр кайгы-зар сени,
Сооротор жеңиш, кубаныч шаңы.

Күрөштү биздин жашыруун, катаал
Сүйлөрсүң жандуу жомоктой кылып.
Жомокто ушул жалын бар канча,
Акылдуу жаштар түшүнөр угуп.

Айтарбыз баарын, мактаныч эмес,
Албастан белек, гүлдесте байлам.
Зор белек бизге: баарыбыз үчүн,
Элибиз үчүн жеңиштүү майрам.

Кайткан соң үйгө жүрөрбүз дагы
Чакырып конок, конокко барып.
Арагы менен кымызын шыпкай
Ичербиз элдин отуруп алып.

Кайгырба, досум, өчпөсүн үмүт,
Күн дагы келер биз көрө турган.
Казанда күйгөн Кремль нуруп
Көрөрбүз, таштап түрмөсүн мыррман[1].

---

[1] Мыррман — Германия.

Казан да келип жетелер бизди,
Максат[1] да келип талкалар торду.
Куткарып бизди «Челюскин» сыяк,
Курбулар келип кысышар колду.

Майрам да болор, майрамга ушул
Биздин да, досум, акыбыз толук.
Өз элге кайтты антыбыз ыйык,
Кир жукпай таза атак-даңк конуп.

## ДОСКО

*(А. А.[2])*

Кайгырба, дос, өлөбүз деп жаш бойдон
Алган жокпуз сатып ушул өмүрдү.
Өзүбүзчө күн көрөбүз, жашайбыз —
Тагдыр ушул. Же айтканым төгүнбү?

Түзө албайт го узундугун өмүрдүн
Жылдар, айлар, картаюулар, чынында.
Өлүм, балким, өмүр берер өчпөстөн
Жашай турган кылымдардан кылымга?

Ант бергемин — аябастан жанымды,
Сактоо үчүн келечегин урпактын.
Жүз өмүрүң болсо дагы, бардыгын
Ушул жолго бербей кантип турмаксың?

Эл өскөнүн угуп калсак аз гана
Бардыгыбыз кубанабыз күн сайын.
Кандай чоң күч — бирге сезүү өзүңдү
Жериң менен, элиң менен ар дайым.

Эсен калсам эптеп башты калкалап,
Ажал дагы чендебесе четиме...
Мындай өмүр мага өмүр болобу,
Калк түкүрсө «хаинсың!» — деп бетиме?

---

[1] Максат — Москва.

[2] А. А. — Бул ыр Татарстандын балдар жазуучусу Абдулла Алишке арналган. М. Жалил менен согушта бирге болгон. Туткун болуп фашисттер тарабынан атылган.

Жок, тилебейм «соо жүргөнду» ушундай,
Каалабайт да муну менин жүрөгүм.
Кишиминби безсе менден өз элим?
Бүтсө жерде ичер суум — мүрөгүм?

Жок, кайгырба, досум, биздин бул өмүр —
Бүткүл элдин өмүрүнүн кыпыны.
Биз өлсөк да, кайрат-күчтөн биздеги
Жарк дейт жалын келечекте, кеп чыны.

Эрдикти да, ниетти да эл үчүн
Өлүм менен бекемдейли, кысылбай.
Биздин жаштык данкка, күчкө, намыска
Ширетилген сезим менен ушундай.

Кыйылса да өмүр, жаштык биздеги,
Ойлобогун из өчөт деп тапталып.
Айтаар жаштар: «Ушулардай дүйнөдө
Жашоо керек, өлүү керек жапжарык!»

*Октябрь, 1943-ж.*

## ТОО ДАЙРАСЫ

Шашып, ташып бул дайра
Неге өрөпкүйт, кай жакка?
Эмне болмок тим гана
Тынтынч акса, жай акса?

Толкун толкуп токтолбой,
Эмне үчүн көбүрөт?
Эмнедендир корккондой,
Кутургандай көрүнөт.

Бирде агат жайылып,
Бирде кайра күүлөнөт.
Бирде жарга чабылып,
Бирде өзүнчө сүйлөнөт.

Бирде кокус кутуруп,
Урат өзүн таш, жарга.
Бирде дагы тутулуп,
Боюн таштайт шарларга.

Бул кандайча дайра эле!
Кимдер козгойт суу астын?
Күчөй берет кайра эле,
Кайда шашат бул ташкын?

Акырында чыдабай
Бул дайрага айттым мен:
— Неге — дедим,— тынчыбай
Ташкындайсың дайым сен?

— Мен — деди ал,— далайга
Жер астында көмүлдүм.
Эрксиз болуп сыз жайда
Тоңду көбү өмүрдүн.

Болдум көпкө кулдукта,
Кысылууда, кордукта.
Чыктым жерге, абага
Чыдап жатпай зордукка.

Жылдан жылга жыйналган
Жек көрүүмдү кайнаган
Мен да эми чыгарам,
Калышпастан дайрадан.

Күчүм толук, бар эрким,
Толкун да бар чалкыган.
Бүгүнкүдөн эртеңим
Үмүткө бай жаркыган.

Жер астына тумчукпайм,
Күндүн нурун куттуктайм.
Ушул кетпейт башыман,
Ушуга мен ашыгам!

*28-октябрь, 194з-ж.*

## АЙЫГУУ

Оорудум мен... иче берип бүтүрдүм,
Коңшулаш аптеканын дарысын.
Ого бетер аза бердим, кан качты,
Дары жакпас оору кайдан жарысын,

Айлар бою энтиктирди өзүмдү,
Ичим бышып, жүрөгүмдүн жанышы.
Дене айыгар дары эмес, мен үчүн
Керек эле жүрөк, көңүл дарысы.

Больницада сезип муну дилгир кыз,
Өлчөп көрдү жүрөктөгү күчүмдү.
Өтө назик жылмаюусун, көз отун
Дары ордуна мен ооруга ичирди.

Жашыра албайм, мүмкүн, оору денемде,
Болсо керек, ал да мени эзгендир.
Кайсы оорум күчтүүрөк экенин
Доктор гана өз ичинен сезгендир.

Алкыш сага, сөзүң үчүн жылыткан,
Назың үчүн бүт ойготкон сезимди!
Сөзүң менен киши кылдың өчөрдө,
Назың менен айыктырдың өзүмдү.

*2-ноябрь, 1943-ж.*

## КЭЭДЕ БОЛОТ УШУНДАЙ ЧАК

Кээде көңүл катып калат таш болуп,
Ага-буга кызыкпайсың, эс кетпейт.
Өлүм доолуу көңүл гүлүн урса да,
Бирок анын жалбырагы былк этпейт.

Ойго келсе ыракаты дүйнөнүн,
Күлүмсүрөйт жүзүң дагы нурдана.
Ушул кезде ылкамданып мен дагы
Жазгым келет, жазгым келет бир гана!.

Өлтүрсөңөр — өлтүргүлө, болгула,
Кутургула, бийлегиле, кергиле!
Ага чейин бул колуна акындын
Кагаз, калем, кара сыя бергиле!

*Ноябрь, 1943-ж.*

## ТАШ БАШТЫК

Буугучу темир таш баштык
Алың жетсе, таштап чык!
Өзүң таштап чыкпасаң,
Мерт болоруң апачык!

Бул баштыкка салышты,
Оозун бууп алышты,
Тегирменге тартууга
Кезек күтүп калышты.

Сузуп баштык түбүнөн
Сөөк тартат тегирмен.
Тегирмендин таштары
Курчтук кылат темирден.

Тегирменчи карганат,
Ун ордуна кан агат.
Кандаладай падыша
Бул канды ичип тоюнат.

Тегирмен кан тартпасын,
Жел канатын какпасын!
Элге кымбат бул кандар
Бекеринен акпасын!

Тегирменди талкалап,
Баштыктарды чечкиле!
Штык менен падышанын
Дал жүрөгүн тешкиле!

## ЖЕЛДЕТКЕ

Тизе бүкпөйм, желдет, сенин алдында
Туткун болуп, кул болуп мен жатсам да.
Керек болсо тике бойдон өлөмүн,
Балта менен башым кыя чапсаң да.

Минин эмес, желдеттердин сага окшош,
Жүзүн гана кырганыма өкүнөм.

Элге кайтсам, кечиргин деп күнөөмдү
Өз калкымдан тизелеп мен өтүнөм.

*Ноябрь, 1943-ж.*

## ГҮЛДӨР

Түзөңгө, балдар, баргыла,
Чыңалсын ууз денеңер!
Кызыктуу оюн салгыла,
Кубансын көрүп энеңер.

Түзөңдө түркүн гүл жайнайт,
Жыттары аңкыйт алардын.
Кызыл гүл, нарцисс, кызгалдак
Эрдине окшойт балдардын.

Таң ата бетин күн сүйгөн
Терметет гүлдү желаргы.
Мээримдүү жердин бул гүлдөр —
Сүйүктүү уул-кыздары.

Бул жерде согуш көп болду,
Өткөрдү өрттү, бороонду.
Канча өмүр мында соолду,
Кыштактар жалын оронду.

Зор күрөш жүрдү эл үчүн
Бороондуу, оттуу жылдарда.
Жуурулду канга, көз жашка
Топурак, талаа, кырлар да.

Ушул кан, көз жаш аркылуу
Жеңишке улуу эл жетти.
Жаркырап жайнап жаз келип,
Безенди гүлгө жер бети.

Жарадар болгон бул жердин
Жүрөгүн жарып гүл өнгөн.
Сокконун күчтүү жүрөктүн
Сеземин ушул гүлдөрдөн.

Тергиле, балдар, талаанын
Аңкыган жыттуу гүлдөрүн.
Данктантчу силер эл ишин
Сайрандап шаттык күндөрүн.

Өлгөндүр, мүмкүн, согушта
Бириңдин атаң же агаң;
Болбосун дешип каргаша
Силер үчүн жан кыйган.

Өпкүлө назик гүлдөрдү,
Жытынан көңүл ачылсын.
Жер берди жыргал күндөрдү
Жутса да кан, жаш тамчысын.

Гүлсүңөр, балдар, өзүңөр —
Койнунда жердин төрөлгөн.
Атаңар менен агаңын
Канынан өскөн, көгөргөн.

Биз үчүн силер баа жеткис
Сүйкүмдүү, барктуу гүлсүңөр.
Келечек таңдын нурларын
Чагылткан сыяк жүзүңөр.

Өскүлө, гүлдөр, өскүлө,
Кубантып биздин көңүлдү.
Бергенбиз жеңип силерге
Түбөлүк жыргал өмүрдү.

*9-ноябрь, 1943-ж.*

## ЖИГИТ КҮЧҮ

Шумкарга окшоп кайталады жүрөктөн
Ыйык антын берген сүйгөн калкына.
Аркасына автоматын асынып,
Ыргып минди ак боз күлүк атына.

Жигит өткөн жолдо душман кыйрады,
Замбиректер, танктар өрткө кабылды.
Кайдан алды жигит мындай кубатты?
Кайдан алды жигит мындай жалынды?

Элге деген ак ниетин туу кылып
Отту, сууну кечти аттуу бул жигит.
Автоматы, аты эмес,
Өтө ыйык
Анты менен күч-кубаттуу бул жигит.

*19-ноябрь, 1943-ж.*

## ИШЕНБЕ

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Жолдо чарчап жыгылган» деп келишсе...
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени достой көрүшсө.

Каным менен кызыл тууга жазылган
Ыйык антым сүрөйт алга барууга.
Акым барбы жыгылууга чалынып?
Акым барбы чарчап артта калууга?

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Элин, жерин сатты» дешип жүрүшсө...
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени чындап сүйүшсө.

Асып алып автоматым желкеме
Жөнөп кеттим элим менен сен үчүн.
Элим менен сени жоого саткан соң,
Эмне калат жер бетинде мен үчүн?

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Муса өлгөн» деп башка кайгы үйүшсө...
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, эгер сени сүйүшсө.

Топуракка тулку боюм көмсө да,
Көмө албастыр ырга толгон көңүлдү.
Чындыгында «өлдү» дешке болобу
Жеңиш менен өлгөн мындай өлүмдү?

*20-ноябрь, 1943-ж.*

## КЫЯЛ

Түнү, күнү бипбирдей болгон
Тумчугууда азаптар артты.
Эркп жоктук өлтүрдү бүтүн
Жүрөктөгү үмүттү, баркты.

Таш дубалдар шаттыгым алды,
Берди мага жөтөлдү, шорду.
Эшигимде дайыма кулпу,
Терезеден көрөмүн торду.

Кошулууда кайгыма кайгы,
Ар бир таңда дар күтөт мени.
Жашоом менин — кыялым таттуу,
Кубанычым — көргөн түш эми.

Кээ бир кезде торлордон өтүп,
Аткан таңдын нурлары конот.
Ак жоолуктуу таалайга окшоп
Мага жакын келгендей болот.

Сүйгөн кыздай жылмайган бул нур
Эриними өпкөнсүйт менин.
Азаттыктын майрамын көздөй
Жүр дегенсийт тарткылап жеңим.

Айткан сыяк: «Бекерден мени
Күтпөдүң сен зарыгып, боздоп.
Жашоону эркин жеткирдим сага
Өмүрүңдүн таңына окшоп».

Кыял, кыял!.. Таттуусуң кандай,
Таштабайсың эч качан мени.
Бул көйкапта болбосоң өзүң,
Жалгыз жатып кантмекмин, деги!

Билем, кайра келбесин өмүр,
Кыялымдын келери анык:
Бакыт, жашоо белегин берип
Жеңиш таңы атканда жарык.

*Ноябрь, 1943-ж.*

## БЕЛЕГИМ

*(Туткундукта таанышкан бельгиялык досум Андре Тиммерманска)*

Кайтса эгерде гүлгө оронуп
Жалындап өткөн күндөрүм,
Сунмакмын сага белекке
Элимдин эркин гүлдөрүн.

Мында жок менин үй-жайым,
Эрксизмин душман торунда.
Гүл да бар, бирок солуган,
Жер дагы душман колунда.

Эч качан булганч ойлорго
Сатылбайт кирсиз жүрөгүм.
Жүрөктө өскөн гүлгө окшош
Ушул ыр сага белегим.

Мен өлөм, бирок ыр өлбөс,
Эл менен жашаар ырларым.
Туткунда тапкан достуктун
Ааламга айтаар сырларын.

## ТӨРТ ГҮЛ

Беш жөө аскер бугуп жатат чуңкурда
Душмандардын танктарынын жолунда.
«Жолборс» этин чокуш үчүн дапдаяр.
Гранаттар, бөтөлкөлөр колунда.

Бир мүйүздүү, болот төштүү жырткычтар
Жоокерлерге жакын келбей турабы.
Жигиттердин жер солк эткен отунан
Жол четинде аңга бири кулады.

Алакташып шашып калган «жолборстор»
Күчөтүштү коргошундуу жөөлдү.
Чыдай албай бештин бири калтырап,
«Багынам» деп эки колун көтөрдү.

Ага жакын жаткан жоокер кылычты
Шарт шилтеди желкесине тайманбай.
Чирип калган мыктай сынды өмүрү,
Өз досунан өлүм тапты айбандай.

Бир дагы танк чептен өтө алган жок.
Келгендери андан кайра чыкпады.
Ушул чепте кара жерди кучактап,
Беш жөө аскер турбас болуп уктады.

Жомоктогу окуяны эскертет
Бул жердеги даңкы дайын беш бейит.
Төрт гүл өскөн төрт мүрзөнүн үстүнө,
Тикен өскөн бир мүрзөгө чекчейип.

Сулуу кыздар, бул бейитке келгиле,
Шарт үзгүлө тикенегин мүрзөнүн.
Жүрөктөгү жалыныңар силердин
Эркелетсин элдин сүйгөн гүлдөрүн!

## ЖАРААТТАР

Биз катары оор жүктү тарттыңар,
Карындаштар, назиксиңер өзүңөр.
Жеңиңерде жылуу кандын тактары,
Түтүн каптап ыштуу кара көзүңөр.

Жаралууну карап, байлап, жуудуңар.
Көтөрдүңөр эстен ооп калганды.
Уктаттыңар сылай-сылай чачынан
Сапарларда чарчаганды, талганды.

Жаралуулар колуңардан айыгып,
Кадимкидей басты жерге кайрадан.
Зор ыракмат, эл кыздары, силерге,
Кара каштуу, күлмүң көздүү жайнаган!

Жеңиш менен четке кагып кайгыны,
Гүл кучактап көргүлө элди, калааны.
Кубандырды көңүлдөрдү чаалыккан
Түшүп бизге жүзүңөрдүн жамалы.

Карындаштар, сулуу кыздар, али элд
Жарааттар көп айыга элек денеден.
Көп шаарлар жараланган, кыйраган,
Нечен балдар айрылышкан энеден.

Назик, чебер колуңардан гүлдөсүн
Бүт таш үйлөр жараланган, кыйрага
Бергиле жан шаарларга күл болгон,
Болгула эне жетимдерге ыйлаган!

Баатырлардын каны сиңген жерлерг
Асыл күчтү, алтын терди бергиле!
Жеңген сыяк душмандарды, эми бүт
Жарааттарды,
Урандыны жеңгиле!

## ТАБЫТ

Токсонго толгон Фарук карт
Уйкудан бир күн ойгонуп,
Мыжыгып башын кош колдоп
Отурду узак ойлонуп.

Айтты карт: «Көпкө жашадым,
Билген да жакшы уятын.
Ажалдан кайда качамын,
Өмүрдөн мага көр жакын.

Убакыт жетти дүйнөнүн
Жыргалын жыйнап таштоого;
Төшөктө жатып тынч гана
Ал дүйнө камын баштоого».

Жөнөдү табыт устага,
Оюнан чыгып бул дүйнө.
Табытчы менен чачтарач
Эшиктеш экен — бир үйдө.

Кирерде табыт устага,
Ачылган сол жак эшиктен
Ак халат, кызыл өтүкчөн
Сулуу кыз чыкты, жетпес чен.

Көзүндө жаштык, сулуулук!
Кайсы жан буга чалынбайт!
Кайсы карт буга жагынбайт!
Кайсы ажал буга багынбайт!

Жылытты кыздын көз оту
Токсондо тоңгон жүрөктү.
Сурады күлүп шайыр кыз:
«Кандайсыз? Табыт керекпи?»

«Жок, кызым, табыт эртерээк,
Тарта элек ажал жакамды.
Өскөн бейм, эркем, аз гана
Түзөтсөм деймин сакалды...»

## БИР КЕҢЕШ

*(Адамгерчилик жөнүндө)*

Көп көрдүм мен кишилердин пилге окшош
Кең көкүрөк, сом темирдей денесин.
Иши менен киши болгон чыныгы
Кишилердин көргүм келет элесин.

Ким суктанбайт мындай күчкө, чынында,
Темир сынып, баскан жерден суу чыкса.
Пайдасы жок күчтүүлүктүн пилге тең,
Кылган иши болбогон соң чымчыкча.

Өткөн заттын ар бирине колуңдан
Намыс менен из калтырган чындыктан.
Сыймыктанба күчтүүмүн деп жөнү жок!
Кишиликтүү ишиң менен сыймыктан!

Жолуңдагы күчтүү жүрөк изине,
Акыл-эске күбө болсун иниңер.
Күчтүү болбой курчу менен кылычтын,
Чындык менен күчтүү болот кишилер.

Жашабагын жер бетинде пайдасыз
Дөңгөккө окшоп тегиз, жылуу орунда.

Күйүп турсун маяк болуп өмүрүң
Келечекте урпактардын жолунда.

Отко бышкан кирпич кайра ирибес,
Иштеп турган темир датка чирибес.
Иш көрсөткөн эрди баары эскерет,
Мүрзөсүнө из суутпай эл келет.

*9-декабрь, 1943-ж.*

## ЭМИЛ

Жол боюнда карт эмил
Жалгыз гана чалкалайт.
Туш тарабы көк шибер,
Бутактары жер карайт.

Сыдырым жел терметет,
Жалбырагын, бүт шагын.
Эстеп эмил ыр ырдайт,
Качанкы өткөн жаш чагын.

Кимдир тердеп жер казып,
Миң жыл мурда, кеминде,
Өмүр берген, жан берген
Биринчи ирет эмилге.

Эч ким билбейт ал жанды,
Дыйканбы же багбанбы?
Жерди гүлгө орогон
Эмгек сүйгөн балбанбы?

Ким болсо да сактаптыр
Эмгек терин асыл жер.
Өмүрүнөн эмилдин
Эмгек эри элестер.

Жолоочу өтөт жол менен
Убай-чубай күн сайын.
Ар ким ырчы эмилдин
Угуп өтөт ал-жайын.

Куйүп турсун маяк болуп өмүрүң
Келечекте урпактардын жолунда.

Отко бышкан кирпич кайра ирибес,
Иштеп турган темир датка чирибес.
Иш көрсөткөн эрди баары эскерет,
Мүрзөсүнө из суутпай эл келет.

*9-декабрь, 1943-ж.*

## ЭМИЛ

Жол боюнда карт эмил
Жалгыз гана чалкалайт.
Туш тарабы көк шибер,
Бутактары жер карайт.

Сыдырым жел терметет,
Жалбырагын, бүт шагын.
Эстеп эмил ыр ырдайт,
Качанкы өткөн жаш чагын.

Кимдир тердеп жер казып,
Миң жыл мурда, кеминде,
Өмүр берген, жан берген
Биринчи ирет эмилге.

Эч ким билбейт ал жанды,
Дыйканбы же багбанбы?
Жерди гүлгө орогон
Эмгек сүйгөн балбанбы?

Ким болсо да сактаптыр
Эмгек терин асыл жер.
Өмүрүнөн эмилдин
Эмгек эри элестер.

Жолоочу өтөт жол менен
Убай-чубай күн сайын.
Ар ким ырчы эмилдин
Угуп өтөт ал-жайын.

Сактайт эмил далайды
Жаан менен бороондон.
Тоңбойт анын жапжашыл
Жуурканын оронгон.

Бул эмилди саялайт
Иштен чарчап келгендер.
Айлуу түндө жай табат
Сүйүү гүлүн тергендер.

Жол көрсөтөт адашсаң
Кышта бороон болгондо.
Сээп турат салкынын
Элдер орок оргондо.

Качанкы өткөн, жердешим,
Башымды пем эскерип.
Бул карт эмил өсүптүр
Болуп сага эстелик.

Жерде киши жашасын,
Өчпөй калсын издери.
Иши калсын, өзү өлсө,
Эмилге окшоп миңдеги.

*10-декабрь, 1943-ж.*

## БАЛА УЙКУСУ

Апаппак мамыктын
Ичине көмүлүп,
Ал уктайт, жүзүнөн
Нурлары төгүлүп.

Көөдөнүн толтуруп,
Көрчү, эркин дем алат.
Нымдалган кош эрин
Баркыттай кызарат.

Беттери — кош алма,
Кирпикте — гүл түрү.
Тер менен нымдалган
Чачынын ар түгү.

Жамынчын тепкийлеп,
Үстүнөн сыйырган.
Карачы, өсө элек
Каштарын жыйырган!

Жыпарды, нарцисспи —
Кош жыттуу кучагы!
Койнунда жатпайбы
Сүйүктүү куурчагы.

Бөлмөдө «шырп» этип
Басуу жок кыбырап.
Өз ара кишилер
Сүйлөшөт шыбырап.

Акырын басыла!
Орой үн чыкпасын.
Ойгонбой мемиреп,
Тойгончо уктасын.

Бөлмөдө үч чымын
Учушат жарышып.
Улуулар айдашты
Жоолукту алышып.

Канчалык, карагын
Уйкусу баланын
Кадырлуу эне үчүн
Эмизген ак сүтүн.

*11-декабрь, 1943-ж.*

## СЫРДУУ ТҮРМӨК

Жомоктогу сырдуу түрмөк сыяктуу
Чубалжыды өмүр жолум — сокмогум.
Узак жүрдүм, акырында күн бата
Чарчап келип ушул журтка токтодум.

Жомоктогу дөө-жиндердин ханындай,
Журт ээси басып келди кашыма.
Балта асынып, өлгөн бүркүт тарптарын
Кийип алган бөркке окшотуп башына.

Жомоктордон укчу: темир эшикте
Көздөй тешик көрүнөрлүк бир тарап.
Чекчейген дөө күндө ушул тешиктен
Курбандарды көрүп, санап, мактанат

Ал дөө үчүн күндө бир жүз очокто
Кебеп бышат адамдардын этинен.
Ушул жерге мени кара таалайым
Айдап алып келгенине өкүнөм.

Эх, шумдуктуу жомокторун энемдин
Кайдан силер билмексиңер чындыкты?!
Сөз табылбас айтуу үчүн түшүнтүп
Бул жердеги айбандыкты, кулдукту.

Аяк шилтеп кайсы жакка бассаң да,
Былк эттирбес капканы бар тажаалдын.
Ар эшикте кулчулуктун кулпусу.
Ар көчөдө сөлөкөтү ажалдын.

Тартип мындай: акылдуунун баарынын
Балта менен башын кыя чабышат.
Эшиктерин ачпай туруп өрт коюп
Энелерди, жаш балдарды жагышат.

Бул дөө үчүн эрксиз болуп кайгырып,
Туулуп өскөн эл, жеринен айрылып.
Курма түстүү сулуу кыздар, жигиттер
Келтирилген учар канат кайрылып.

Көрүп туруп жүрөк ыйлайт, кандуу жаш
Шимирилген жаактардан акканын.
Коркунучтуу жомокко окшойт көргөнүм,
Түшкө окшойт азап чегип жатканым.

Кезек жетер, мен да бир күн өлөрмүн,
Кайталашар ырларымды миң бир үн:
Жер жемиштер, карагайлар, көп гүлдөр,
Жол бүткөнчө сылап өткөм ар бирин.

Жомоктогу сырдуу түрмөк сыяктуу
Бүт жолума чубап кеттим ырымды.

Бул из менен табасыңар өзүмдү,
Ырларымдан билесиңер сырымды.

*12-декабрь, 1943-ж.*

## БААТЫРДЫК ЖӨНҮНДӨ

Билем, жигит, ырларындын көбүндө
Бар экенин сүйүү, элге жакындык.
Айтчы өзүң: оор согуш жолунда
Көрсөтө алдың кандай эрдик, баатырдык?

Сен бастыңбы сапка, элиң кыйындык,
Кайгы жүгүн тартып алдан тайганда?
Оор кезде кимдин кими ылганат,
Эл сынынан өтөт баатыр майданда.

Зор максатка жетем десең, эр жигит,
Эрдик менен, күрөш менен чечесиң.
Эркиң кетет — качкан болсоң эрдиктен,
Эрдик менен эркиндикке жетесиң.

Куткарабы жалынуулар, көз жаштар
Туткун кылып турса душман тилекти?
Кармай албас эч убакта чынжырлар
Курч кылычты кармай билген билекти!

Эмне пайда жашоондун изи жок,
Бут астында, курчоосунда темирдин?
Эрик менен — сулуулугу өмүрдүн,
Эрдик менен — узундугу өмүрдүн!

Мекен үчүн төккөн болсоң каныңды,
Унутулбай эл оозунда макталат.
Хаин каны чалчыктарга тамчылайт,
Баатыр каны жүрөктөрдө сакталат.

Баатыр өлөт, өлбөс атак-даңк алып,
Баатырдыгы жашай берет макталып.
Өзүң өлсөң, ысмың калсын өчпөстөн
Кары тарых барагында сакталып.

*Декабрь, 1943-ж.*

## ЖАҢЫ ЖЫЛ ТИЛЕКТЕРИ

*(Андре Тиммерманска)*

Арак-шарап болсун кайдан бизге эми,
Тамчыларын ысык жаштын сарыккан
Бокалдарга куюп алып көтөрүп,
Ачалы, дос, көңүлдөрдү жабыккан.
Кырк үчүнчү жылга кошуп жүрөктөн
Жуусун көз жаш жаралардын баарысын!
Үмүт үзбөй, кана, тосуп алалы,
Бакыт менен, шаттык менен жаңысын!
Кош, эски жыл, бизди торго калтырып
Кетесиң сен сылап күмүш сакалды!
Көтөрөм мен даамы таттуу шараптай
Үмүт жашым толгон ушул бокалды.
Жетер эми, көп төгүлдү кан, жаштар,
Көп кесилди жаркыраган өмүрлөр.
Жаңы жылда азаптардан кутулуп,
Көтөрүлсүн өчкөн-чөккөн көңүлдөр.
Бул жаңы жыл көйкаптагы биздерге
Эрик берип, бакыт берип жыргатсын.
Талкаласын колдордогу кишенди,
Көлдөп аккан көздүн жашын кургатсын.
Алып келсин кубанычын жеңиштин,
Достор менен көрүштүрсүн кайрадан.
Нуру менен өпкөлөрдү чайкасын,
Дары болсун жөтөлдөрдү айдаган!
Ушул жылда колтукташып, жан досум,
Кайтсак экен туулган жерге эңсеген.
Туугандарды, сүйгөн жарды, балдарды
Куттуктасак жеңиш менен, даңк менен.
Ушул жылда үйүбүздө биз үчүн
Бышырылса куймак, токоч бал менен.
Ушул жылда ыйлай-ыйлай өбүшүп,
Кучакташсак балдар менен, жар менен.
Узатсак биз эски жылды урматтап,
Бакыт менен жеңишти ырдап олтуруп.
Шарап менен, даам менен, ыр менен
Стол үстүн —дасторконду толтуруп.

*1-январь, 1944-ж.*

МАЗМУНУ


Ырларым . . . . 3
Кечир, элим! . . . . . 4
Эрк . . . . . . . 6
Токой . . . . . . 7
Кызыл ромашка . . . 8
Булбул менен булак . . 9
Сава чымчык . . . 14
Ачынуу саптары . . . 15
Кат . . . . . . . 16
Айрылуу . . . . 17
Кул . . . . . . . 18
Бөрүлөр . . . . . . 19
Багбан . . . . . . 20
Соңку ыр . . . . . . 21
Өкүм болду өлүмгө . . —
Сакчы . . . . . . 22
Кандала . . . . . . —
Өкүм алдынан . . . 23
Гүл мүрзөсү . . . . 24
Саат . . . . . . . —
Эне майрамы . . . . 26
Болот . . . . . . 29
Жолдор . . . . . . 30
Бүлдүркөн . . . . . 32
Көйнөк . . . . . . —
Акыркы капалык . . 34
Согуштан кийин . . . 35
Жазга көмөк . . . . 36
Динага . . . . . 37
Жаш эне . . . . . 38
Мыкачылык . . . . 40
Ажалга . . . . . 42
Көңүл сооротуу . . . 43
Доско . . . . . 44
Тоо дайрасы . . . . 45
Айыгуу . . . . . 46
Кээде болот ушундай чак 47
Таш баштык . . . . 48
Желдетке . . . . . . —
Гүлдөр . . . . . . 49
Жигит күчү . . . . 50
Ишенбе . . . . . 51
Кыял . . . . . . . 52
Белегим . . . . . . 53
Төрт гүл . . . . . . —
Жарааттар . . . . . 54
Табыт . . . . . . 55
Бир кеңеш . . . . 56
Эмил . . . . . . 57
Бала уйкусу . . . . 58
Сырдуу түрмөк . . . 59
Баатырдык жөнүндө . . 61
Жаңы жыл тилектери . 62

*Муса Джалиль*

**МОАБИТСКАЯ ТЕТРАДЬ**

**Стихи**

Для детей среднего и старшего школьного возраста

**Издание второе**

*(На киргизском языке)*

**Издательство «Мектеп»**

Которгон *Т. Байзаков*
Редактор *А. Шаршенова*
Техн. редактор *С. Нурмиева*
Корректор *Ш. Мендешева*

ИБ № 1523

Терүүгө 27. 07. 1979-ж. берилди. Басууга 11. 10. 1979-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $84 \times 108^1/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,0 физ. басма табак, 3,36 шарттуу басма табак, 3,08 учёттук басма табак. Нускасы 4000. Заказ № 349. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.